**№31 мектеп - гимназиясы**

**КАРАЛДЫ**
МКтин жыйынында
№ 1 протоколу
"08" 09 2022ж.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Илимий -иштер б.дир.орун басары
Ботаева Ж.И.

**БЕКИТИЛДИ**
№31 МГнын директору
Омурзакова Т.О.

# Программа МК

## «Кыргыз тили»

## (Тереңдетип окутуу)

**Класс:11-в**
**Сааты:** жумасына 1 саат (жылына 34 саат)

**Программаны түзгөн автор:**
кыргыз тили жана адабият мугалими
Тентимишева З.А.

**Бишкек шаары**

**2022-2023 окуу жылы**

Выписка из протокола

МС «08» от 09. 2022года

**Экспертное заключение**

Об итогах экспертизы программы по кыргыз тили (углубленное изучение)

для 11 - в класса

на основании «Закона об образовании» Кыргызской Республики члены методического СоветаШГ№ 31 провели экспертизу

программы „Кыргыз тили" углубленное изучение

учителя (лей) Тентимишевой З.А.

представленная программа является по типу адаптированной, расширяющей знания по изучаемому предмету, углубляющей программу базового курса

На основании проведенной экспертизы МС ШГ № 31 предлагает признать

программу „Кыргыз тили" углубленное изучение

учителя(лей) Тентимишевой З.А.

соответствующей установленным требованиям к организации обучения.

Данная программа может реализована в процессе образовательной деятельности.

Члены МС:

Ботаева Ж.И.

Кононенко Л.Н.

Подберезная А.В.

Аскарбек к Асель

Комарова И.М.

Тургунова Х.Ж.

Турышева М.В.

Белякова М.П.

Турдалиева А.С.

Уйбакова Г.Э.

Шаяхметова Е.М.

Ашимова Т.Т.

Бегалиева К.С.

Мазмуну

1.Киришүү

2.Түшүндүрмө баракча

3.Курстун максаттары жана милдеттери

4.Кыргыз тилин тереңдетип окутуу боюнча колдонулуучу билим берүү технологиялары

5.Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо

6.Календарлык-тематикалык пландар

8.Сунушталган адабияттар

1. **Киришүү**

11-в класска «Сүйлөө кебин өстүрүү» аттуу темада кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө Билим берүү министрлиги тарабынан кабыл алынган классификация боюнча А1, А2, В1, В2 деңгээлдеринин матрицасын негиз катары алынат. Анда бул стандарттардын талабына ылайык, 11-в-класска мамлекеттик тил катары окуп-үйрөнүү, оозеки кепти угуп түшүнүү, сүйлөп түшүндүрүү жана окуп түшүнүү, жазуу боюнча тилди колдоно билүү компетенттүүлүгүн баалоо деңгээлдерине бөлүштүрүүдө В2 деңгээлине туура келет.

Тил предметтеринин компетенттүүлүктөрү: 1. Когнитивдик-таанып билүүчүлүк 2. Лингвистикалык - тил таануучулук (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) 3. Коммуникативдик-социомаданий багыттарынын ар бирин таануу, колдонуу аркылуу тил предметтери боюнча стандарттын талабын ишке ашырууга багытталат.

2-бөлүм. Предметтин концепциясы 2.1. Предметтин концепциясын аныктоодо төмөндөгүдөй методологиялык багыттар жетекчиликке алынган: - тил өз ара карым-катыштын куралы (коммуникация); - функционалдык грамматикалык категорияны коммуникативдик негизде колдонууну шарттоо; - улуттук маданиятты таануу каражаты катары (өлкө таануу); - инсанды өнүктүрүү куралы; - коомду ич ара байланыштыруунун (идентүүлүк) каражаты; - таанып билүүнүн каражаты; - инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу каражаты; - тилди жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты ; - кырдаалдык-тематикалык багыт; - тилди турмуштук чөйрөлөрдө колдонуу деңгээлдерин аныктоо негиз катары кабыл алынып түзүлдү.

## 2. Түшүндүрмө баракчасы

Кыргыз тилин тереңдетип окутуу жыл ичинде 34 саатка негизделген Жумасына 1 саат бөлүнгөн. 1-чейректе 9 саат, 2-чейректе 7саат, 3-чейректе 10 саат, 4-чейректе 8 саат. Жыл ичинде грамматиканын орчундуу бөлүктөрүн эске алуу менен көбүнчө кеп маданияты каралаган.

- Окуучулардын Мамлекеттик тил боюнча төмөнкү класстан алган билим деңгээлин өркүндөтүү менен турмушта оозеки кебин туура пайдаланууга үйрөтүү;
- Мамлекеттик тилдин адабий нормаларын өздөштүрүү менен жазуу эрежесин колдонуу аркылуу сабаттуу болуусуна жетишүү;
- Мамлекеттик тилди туура колдонуу аркылуу өз оюн башкаларга эркин, так, таамай жана таасирдүү жеткире билүүсүнө калыптандыруу;
- Кесипке ылайык ар кандай тексттер менен иштөөдө (окуу, жазуу жана угуу, сүйлөө) Мамлекеттик тилдеги сөз байлыгынын лексикалык минимумун иштеп чыгуусуна жетишүү;
- Мамлекеттик тилдин лексикалык, грамматикалык каражаттарын туура жана орду менен кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билүүсүн шарттоо.

**Курсту окутуунун маанилүү милдеттери болуп:**

Жогорудагы максаттарды ишке ашыруу үчүн программа төмөнкүдөй милдеттерди өз алдына коёт:

- Сөз маанилерин, алардын өз ара маанилик карым-катыштарын, сөз айкашы жана сүйлөмдүк түзүлүштөрүн туура жана жеткиликтүү түшүндүрүү;
- Сөз айкаштарынын туруктуу түзүлүшүн, фразеологизмдерди, сүйлөмдүн жөнөкөй жана татаал курамын өздөштүрүүсү жана өз ишмердигинде колдоно билүүсү;
- Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү орун тартиби боюнча түзө билүүгө, алардын маанилеринин, ошондой эле колдонуудагы варианттарынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү менен кепте жана жазуу иштеринде пайдалана алуусу;
- Оозеки кептин жана жазма тексттердин өздөрүнө таандык стилдик өзгөчөлүктөрүн, аларга таандык болгон кептик жана тилдик каражаттарды аңдаштыра билүүгө жетишүү жана аны тексттин кайсы түрүндө болбосун колдонуу;
- Жазуу иштеринде (реферат, доклад, эссе, баяндама) тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин өздөштүрүү; ж. б.

Программада сунушталып жаткан мындай максат-милдеттер аларды аткарууга тикелей катышта турган төмөнкүдөй жөндөмдөр жетекчиликке алынат:

*Угуу жана угуп түшүнүү* – бул тил үйрөнүүдө негизги жөндөмдөрдүн бири. Тил менен алгачкы таанышуу, ал тилдин негизги өзгөчөлүктөрүн аңдаштыруу да мына ушул жөндөм менен ишке ашат. Мындай жөндөм

адамдын сабаттуу же сабатсыз экендигине же жашына карабай колдонулуп келет, б. а. кат-сабаты ачылган бала да мына бул жөндөмдүн ишмердүүлүгү менен тил үйрөнө алат. Ошондой эле тил үйрөтүүгө багытталган бардык мекемелер тил үйрөнүүдө угуу жана угуп түшүнүү өтө маанилүү орунду ээлей тургандыгын белгилөө менен ага артыкчылык беришет.

*Угуп түшүнүү* жөндөмү өз ара кептешүүдө, сабакта ар кандай темалар жана тексттер менен айтып же окуп таанышууда, аудио техникаларын пайдаланууда, видео көрүп жана угуп жатканда жүзөгө ашырылат.

*Окуу жана окуп түшүнүү* – белгилүү бир тилди өздөштүрүү үчүн иштелип чыккан эрежелерден турган, ал эрежелерди (тамгаларды, аларды курап окууну, грамматикалык эрежелерди өздөштүрүү) үйрөнүү аркылуу сезүү органдарынын катышы менен ишке ашырыла турган жөндөм. Окуу үйрөнүп алган тамгалардын негизиниде текстти механикалык түрдө кайталоо эмес,  тескерисинче анда айтылган ойду окуп түшүнүү, андагы маанилерди бирин экинчисинен айырмалоо менен ал жерде баяндалган маалыматты талдай билүүгө жетишкен ишмердүүлүк болуп саналат. Ал адамдын физиологиялык, руханий жана акыл-билим эмгектерин бирдей аракетке келтирүү аркылуу көрүү, эске тутуу, окуу жана өз алдынча талдай билүү иш чараларын толугу менен ичине алган процесс болуп эсептелет да тил үйрөтүүдө негизги жөндөмдөрдүн бири катары орун алат.

*Сүйлөшүү* – адамдардын өз ара пикир алышуусун жетекчиликке алган, ошону менен бирге тилдин адамдардын катнашындагы маанилүү ролун аныктай ала турган жөндөм. Сүйлөшүү жөндөмү адамдардын үн чыгарып гана айтып коюу аракетине таянбастан, пикирлешүүнүн жалпы эрежелерин да ичине алат. Тил үйрөтүүчү ошол эрежелерге таянуу менен үйрөтүүнү көздөйт, б.а. Мамлекетик тилди үйрөнүп жаткан адам үн тонун туура коюп, ар бир тыбышты же сөздү туура айтууга, муундарды өзүндөй ажыратууга жана сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура байланыштырып, басымды туура колдонуп, кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен пикирлешүүнү шарттайт. Албетте, ал бир тараптуу (монологдук кеп) же кош тараптуу (диалогдук кеп) аткарууга тийиш.

*Жазуу* – тил үйрөтүүдөгү негизги максаттардын бирин ичине алуу менен ал окуучу жазуу ишмердүүлүгүн жетекчиликке алуу аркылуу жүзөгө ашуучу жөндөм. Жазуу жөндөмү окуучунун көргөн-билгендерин, ички сезимдерин, керектүү ойлорун, пландарын өзүнө жана башкаларга түшүнүктүү кылып берүү үчүн кагазга түшүрүлгөн иш чаралар менен коштолот. Ал жазуу аракетин гана көздөбөстөн, адамдардын ортосундагы

толук кандуу карым-катыштын куралы катары кызмат кылгандыгы менен айырмаланат. Мамлекеттик тилдеги жазуу эрежелерин үйрөнүү окуучунун официалдуу аракетин жөндөп туруучу бардык ишмердүүлүгүн, өзгөчө жазуу эрежелери аркылуу жарандын сөздүк корун, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди өздөштүрүүсүн да камсыз кылат. Жазуу иштерин үйрөнүү туура жазууга калыптандыруучу багыт болуп саналат.

***Окутуунун предмет аралык байланышы:***

Тил илими, салыштырма грамматика, адабият, тарых, география, укук таануу, чөлкөм таануу ж.б.

**3. Курстун максаттары жана милдеттери** :

турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүндө, кырдаалдарда, В2 деңгээлине ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) бөлүштүрүп, окутуу тарбиялоодогу окуучунун милдеттери жана максаттары төмөндөгүдөй иш жүзүнө ашырылат:

Милдеттер: 1. Когнитивдик – тил таанып билүүчүлүк – дүйнөнү жана өзүн-өзү таанып билүүдө окуучу кырдаалга жараша грамматикалык, лексикалык зарыл активдүү сөздөрдүн керектүүсүн тандап, өз көз карашын аргументтүү далилдей алышы керек; 5 2. Лингвистикалык – тил таануу (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) кыргыз тилинин тилдик грамматикалык категориялардын өзгөчөлүктөрүн айырмалап, тилдик норманы кеп маданиятында туура колдоно алышы керек; 3. Социомаданий, коммуникативдик – кыргыз тилинде социомаданий, тиричилик, жүрүм-турумдук тиричилик жана расмий-ишкерлер чөйрөсүндө баарлаша алышы керек; көп тилдүүлүк маданиятты, интеграциялык иденттештирүү, улуттук баалуулуктарды түшүнүп, анын зарылдыгын аңдашы керек.

**Билим берүүчүлүк максаты:** – тематикалык-кырдаал боюнча функционалдык грамматикалык категорияларды коммуникативдик-ишмердүүлүк багытта ишке ашырууну шарттоо; – ой-пикирин кыргыз тилинде кеп ишмердүүлүгүнүн 4 түрүн колдонуп билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүү; – тексттин стилин, жанрын, кептин түрүн айырмалап, колдоно билдире алууга багыттоо; – ар түрдүү сөздүктү пайдалануу менен, кыргыз тилинин милдеттүү сөздүк корун пайдаланып ар түрдүү тематикадагы текстти которуу, текст түзүү көндүмдөрүн калыптандыруу иш-аракеттерин уюштуруу; – иш кагаздарын түрлөрүн кыргызча түзө алуусун камсыздоо.

**Тарбия берүүчү кызматы:** Кыргыз тилин өлкө таануучулук принцибинин негизинде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, нарк-насил, каада-салттарды айырмалап түшүнүп, мамилелеше алат. Тилди өнүктүрүүчүлүк кызматы: кыргыз тилинде турмуштук, тематикалык кырдаалга карата 4 кеп ишмердигин колдонуп, А2 деңгээлинде өз көз карашын далилдүү билдире алат;

**Терендетип окутуу принциптери**: 1. Функционалдык-коммуникативдик принцип - кыргыз тилинин лексика-грамматиалык материалдарын кептин кырдаал-тематикасына, кызматына жараша тандап В2 деңгээлинде баарлашууну уюштуруу; 2. Лингво-этномаданий принцип – тилин үйрөнүп жаткан калктын рухий дүйнөсүн, тарыхый баалуулуктарын, каада- салтын түшүнүп, мамилелешүү; 3. Эне тилин эске алуу принциби – экинчи тилдеги грамматикалык фактыларды өз эне тилиндеги грамматикалык фактылар, темалар менен дал келтирип, байланыштырып окутуу; 4. Тилди түздөн-түз үйрөтүү принциби – окуучуларды тилдик, речтик партнер-өнөктөш катары эсептеп, үйрөнүп жаткан тилде гана баарлашуу чөйрөсүн түзүү аркылуу сабакты уюштуруу; 5. Окутуунун интеграциялоо жана дифференциялоо принциби.

**Компетенттүүлүктөр**. Түйүндүү жана предметтин компетенттүүлүктөр менен В2 деңгээлинин, тилдик чөйрөлөрдүн байланыштарынын мүнөздөмөсү

Түйүндүү компетенттүүлүктөр: 1. Маалыматтык - көп маалыматтан эң керектүүсүн табуу, иргеп, тандай билген, колдоно алган, өздүк билим алуу көндүмдөрү, колдоно билүү көндүмдөрү; 2. Социалдык- коммуникативдик (карым-катнаштык) - чөйрөгө ийкемдешип алака түзө алган, адамдар менен сүйлөшө билүү, социалдык баалуулуктарды ажыратуу, коммуникативдик көндүмдөрү; 3. Өзүн-өзү уюштуруу жана учурунда кырдаалга карата көйгөйлөрдү чечүү, анын келип чыгыш себептерин, натыйжаларын аңдап, маселени өз алдынча чече билүү.

Тил предметтерининин компетенттүүлүктөрү: 1. Кептик – кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүндөгү (сүйлөө, угуу, окуу, жазуу) коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрүү, тил жана кеп кубулуштарын билүү (3 аспект: тил, кеп, кеп ишмердүүлүгү). 2. Социо-маданий, таанып билүүчүлүк (когнитивдик) – негизги мектептин түрдүү этаптарында окуучуларынын тажрыйбасына, кызыкчылыктарына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жооп берген темалардын, чөйрөлөрдүн жана баарлашуу кырдаалдарынын алкагында окуучуларды кыргыз элинин маданиятына, салттарына жана жашоо-турмушуна кошуу.

Өз өлкөсүн, анын маданиятын баарлашуу учурунда башкаларга тааныштыруу көндүмүн калыптандыруу. Жалпы окуу көндүмдөрүн жана атайын окуу көндүмдөрүн андан ары өнүктүрүү, өз алдынча тил үйрөнүүнүн окуучуларга жеткиликтүү ыкмалары, анын ичинде жаңы маалымат технологиялары менен тааныштыруу.

Тилдик каражаттар жетишсиз шарттарда маалымат алууда жана бирөөгө маалымат билдирүүдө абалдан чыгуу көндүмүн өнүктүрүү (реалдуу жашоодо коммуникативдик стратегияларды колдонуу көндүмү). Предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу Мамлекеттик стандартта аныкталган үч деңгээлде каралат: - Биринчи деңгээл (репродуктивдүү) окуучулардын үлгү (иш-аракетти аткаруунун сунушталган алгоритми) боюнча иштөө көндүмү менен сыпатталат; - Экинчи деңгээл (продуктивдүү) курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткаруу, өздөштүрүлгөн алгоритмди башка кырдаалда колдонуу жөндөмүн сыпаттайт; - Үчүнчү деңгээл (конструктивдүү) татаал курамдуу ишмердүүлүктү өз алдынча конструкциялоо жана аны негиздөө элементтер

## 5. Кыргыз тилин терендетип окутуу боюнча колдонулуучу билим берүү технологиялары

| Ишмердүүлүктү активдештирүүдөгү методдор жана формалар | Окуу ишмердигинин түрү | |
|---|---|---|
| | практика | |
| Дисскуссия | X | |
| Команда менен иштөө | X | |
| Проблемалык окутуу | X | |
| Өз алдынча окуу | X | |
| Аквариум | X | |
| Конкреттүү жагдайларды анализдөө | X | |

- ***Дискуссия*** – бул, белгилүү бир темаларды группада талкуулоо жолу менен изилдөөгө мүмкүндүк берүүчү метод. Дискуссия идеяларын жана ой - пикирлерин алмаштырууну уюштуруу үчүн эффективдүү метод болуп саналат. Дискуссия: катышуучулардын жеке тажрыйбаларын изилдөөгө жана таныштырууга; ар бир талкууланган темага карата мамилесин билүүгө ж.б.у.с.мүмкүндүк берет

- ***Командалык иш*** - эффективдүү командалык иш жакшы командалар менен башталат. Бирок бардык чогуу иштеген адамдардын эле группасы команда болушу мүмкүн. Команда – бул акыл билгичтиктери, ой жүгүртүүлөрү менен бири-бирин толуктаган, идеялары бирдиктүү байланышкан, көздөгөн максатына жалпы түрдө аракеттенген жана ага жетүү үчүн жоопкерчиликти чогуу бөлүшкөн өтө көп эмес адамдардын тобу (же саны).
- ***Проблемалык окутуу*** — бул сабактагы проблемалык жагдайды окутуучунун жетекчилиги астында түзүүнү сунуштоону жана проблеманын чечилиши боюнча катышуучулардын өз алдынча активдүү ишмердигинин жыйынтыгында профессионалдык билим алуудагычыгармачылык жаратууну, акыл - ыктарын жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүнү уюштуруу. ***Проблемалык жагдай*** – бул билген билимдери, ык, мамилелери аралык жана коюлган талаптар карама-каршы мүнөздөгү таанып билүү маселеси. Индивиддин тааный билүүчүлүк чыгармачылыгын арттырат.
- ***Дидактикалык оюндар*** — бул оюн принциптеринин катарын ишке ашырган, активдүү окутуу жана башка эрежелерден айырмаланган, оюн ишмердигинин түзүлүштөрүн белгилеген жана баалоо тутумунун бирден-бир активдүү методу катры уюштурулган окутуунун түрү. Ошондой эле, бул коллективдик окуу ишмердигине жана ар бир катышкан команда боюнча эй негизги маселени чечүүгө, жейүүгө багытталат. .
- ***Аквариум*** – бул 2-3 киши катышкан ролдук оюн. Калгандары катышкандарды карап туруу үчүн байкоочулук ролго өтүшөт.
- ***Баалоо*** – окуучулардын сунуштары бардык тарабынан баалоо каралат. Баалоонун иштелип чыгышы үчүн алар маалыматтык адабияттарды, конспектилерди, мугалим тарабынан берилген ар кандай булактарды пайдалана алышат.

## 6.Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо

Компетенциялардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн деңгээлин аныктоонун түрлөрү, ыкмалары, формалары көрсөтүлөт.

Текшерүүнүн түрүн жана формасын тандоо окуу предметинин максаттары жана түзүлүүдөгү компетенциялардын мазмуну менен аныкталуусу керек.

Бул бөлүмдө компетенциялардын түзүлгөндүк деңгээлин баалоонун критерийлерин алып чыгуу сунушталат, буларды окутуучу предметтин спецификасын көңүлгө алуу менен текшерүүнүн өз алдынчалуу формалары боюнча иштеп чыгат.

*Ушул эле жерде ар бир чейрек боюнча текшерүүчү суроолор жана эк тесттин (жазуу ишинин) структурасы ар бир тапшырманы баалоонун критерийлери көрсөтүлүү менен келтирилет.*

**«Эң жакшы»(87-100)** – сабактын теориялык жана практикалык мазмунун үзгүлтүксүз өздөштүргөн, алган билимин натыйжасында өз алдынча иштей алган, берилген тапшырманы толугу менен туура жана так аткарып, жогорку деңгээлдеги балл алуусу зарыл.

**«Жакшы» (73-86)** – теориялык билим үзгүлтүксүз толук, бирок кээ бир практикалык иштерде алган билими толук эмес, берилген тапшырмалар толук, айрым каталар менен аткарылуусунда.

**«Канааттандырарлык» (60-72)** – теориялык билими толук эмес,бирок практикалык иштерде өз алдынча иштей алат, берилген тапшырмалардын көпчүлүгү аткарылган, кээ бир тапшырмаларды туура эмес аткарган.

**«Канааттандырарлык эмес» (59га чейинки)** – теориялык билим жок, практикалык иштерде өз адынча иштей албайт, берилген тапшырмалар одоно каталар менен аткарылган. Кошумча өз алдынча иштөөгө берилген тапшырмаларды аткаруу эч кандай аткаруу деңгээлин жакшыртпайт.

*Кыргыз тилин окутуунун практикалык курсу боюнча текшерүүнүн төмөнкү формалары каралган:*

Жазуу түрүндө –2 түргө бөлүнөт:

Тапшырма, мугалим тарабынан рецензиялоо жана текшерүү жолу менен.

**Жазуу ишинин түрлөрү:** эркин темада эссе, дил баян, реферат, жат жазуу, баяндама жазуу ж.б.

- **Оозеки түрүндө –**бул окуу материалынын өтүлгөн, түшүндүрүлгөн темалары боюнча окуучулардын өздөштүрүүсүн оозеки түрдө текшерүү.
- **Окуучулардын өз алдынча иштөөсү –** бул окуучулардын берилген тапшырмаларды мугалимдин жардамысыз өз алдынча материалдарды даярдоосу.

**Кыргыз тилинен тереңдетип окутуунун иш планы**

**11-в класс** 1-чейрек 8 саат

| № | Сабактын мазмуну | сааты | мөөнө-түү | эскер-түү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | 1. Кептик материал: Кыргыз тили - улуттук, мамлекеттик тил. Мамлекеттик тил жана мыйзам.<br>2.*Грамматикалык материал*:Тыбыш, тамга жана алфавит (ө,ү, н, я, ё, ю) тамгаларынын жазылышы. Кыргыз адабий тилинин нормасы (орфоэпия жана орфография). | 2 | | |
| 2. | 1.*Кептик материал*: Кыргыз жазуусунун тарыхы. Азыркы кыргыз графикасы.<br>2.*Грамматикалык материал*:Орфоэпия. Орфография. Пунктуация. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. | 2 | | |
| 3. | 1.*Кептик материал*: Жайлоого сапар.<br>2.*Грамматикалык материал*: Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер. Фразеологизмдерди кепте колдонуу өзгөчөлүктөрү. | 1 | | |
| 4. | 1.*Кептик материал*: Тил билсең – дил билесиң.<br>2.*Грамматикалык материал*: Синоним, антоним жана омоним сөздөрдү кепте колдонуу. | 1 | | |
| 5 | 1.*Кептик материал*: Кыргызстандагы тарыхый мурастар. «Бурана». | 1 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | 2.*Грамматикалык материал*: Кыргыз тилиндеги активдүү жана пассивдүү сөз катмарлары. | 1 | | |
| | 2-чейрек 7 саат | | | |
| 1. | 1.*Кептик материал*: «Мен тандаган кесип».<br>2.*Грамматикалык материал*: Расмий иш кагаздарын жазып үйрөнүү. | 2 | | |
| 2. | 1.*Кептик материал*:  «Сөз кубаты – ак бата».<br>2.*Грамматикалык материал*: Татаал сөздөрдүн жазылыш өзгөчөлүктөрү. | 2 | | |
| 3. | .*Кептик материал*: Кыргыздын тураки жайы – боз үй.<br>2.*Грамматикалык материал*: Кызматчы сөздөр, алардын кепте колдолунушу. | 2 | | |
| 4 | Текшерүү иштери | 1 | | |
| | 3-чейрек 10 саат | | | |
| 5. | 1.*Кептик материал*: Кыргыздын турак- жайы – боз үй.<br>2.*Грамматикалык материал*: Кызматчы сөздөр, алардын кепте колдолунушу. | 2 | | |
| 6. | 1.*Кептик материал:* Улуу Жибек жолу.<br>2.*Грамматикалык материал*: Модалдык сөздөрдүн кептеги ролу. | 2 | | |
| 7. | 1.*Кептик материал:* Кыргыз Республикасы – Эгемендүү мамлекет. Кыргыз Республикасынын символдору.<br>2.*Грамматикалык материал*: Татаал | 1 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | сүйлөмдөр, аларда коюлуучу тыныш белгилер. | | | |
| 8. | 1.*Кептик материал*: Менин мекеним – Кыргызстан.<br><br>2.*Грамматикалык материал*: Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр. | 1 | | |
| 9. | 1.*Кептик материал*: Кыргызстандын улуу инсандары.<br><br>2.Тике жана кыйыр сөз, аларда коюлуучу тыныш белгилер. | 2 | | |
| 10 | Текшерүү иштери | 2 | | |
| | 4-чейрек 9 саат | | | |
| 1. | 1.*Кептик материал*:Кыргыз элинин майрамдары .<br><br>2.*Грамматикалык материал*: Бир өңчөй мүчөлөр жана жалпылагыч сөз, аларда коюлуучу тыныш белгилер | 2 | | |
| 2. | 1.Кептик материал: Жусуп Баласагын<br><br>2.Грамматикалык материал: Энчилүү аттардын жазылышы,төл жана бөтөн сөздүн тыныш белгилери | 2 | | |
| 3. | 1.Кептик материал: Керемет мезгил<br><br>2.Грамматикалык материал: Сын атооч, баяндоо, ой жүгүртүү,сүрөттөөнүн жазылыш өзгөчөлүктөрү | 1 | | |
| 4 | Кептик материал: Улуу жеңиш күнү<br><br>Грамматикалык материал: сан атооч,ж.б.сөз түркүмдөрү | 2 | | |
| 5 | Текшерүү иштери | 2 | | |

**Сунушталган адабияттар :**


1. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Текст таануу, Лингвопоэтика. – Б.: 2009.
2. Кыргыз тили. А.Иманов, А.Кайбылдаев, А.Сапарбаев, Б.Усубалиев /VIII-IX класс үчүн окуу китеби/ -Б.,Мектеп,2008
3. Кыргыз тили. А.Сапарбаев, С.Өмүралиева, Р.Эгембердиев, В.Мусаева /10-11 класстар үчүн окуу китеби/ -Б., Мектеп., 2003
4. Кыргыз тили. Жапарова Б.Б., Кабылова А.К./Улантуучу топтор үчүн окуу куралы/ -Бишкек, 2007
5. Кыргыз тили. Т.К.Ахматов, С.А.Давлетов, Ш.Жапаров /Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларда орус тайпалары үчүн окуу китеби/ -Бишкек, 2007.
6. Кыргыз тили.Ж.Жусаев, А.Карабекова, А.Каныбекова, А.Молдоев /Учебник для русских групп вузов страны и самостоятельно изучающих гос.язык Кыргызской Республике/ - Бишкек, 2000
7. Кыргыз тили. А.Сапарбаев., В.Мусаева, С.Өмүралиева /10-класс үчүн окуу китеби/ - Б., Мектеп, 2004
8. Кыргыз тили А.Сапарбаев, В.Мусаева, С.Өмүралиева
9. /11–класстар үчүн окуу китеби/ - Б., Мектеп, 2004